Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
25. Sayı 2018

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
25-саны 2018

# Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы диний терминдерге теологиялык анализ

**Ажимаматов Зайлабидин Касымович***

**Аннотация**

Чыңгыз Айтматов «Кылым карытар бир күн» аттуу чыгармасында бир топ диний терминдерге токтолгон. Мисалы, Кудай, пайгамбар, акыр заман, бейиш, тозок, Куран сыяктуу диний терминдерди жолуктурууга болот. Улуу жазуучу бул чыгармасында Ислам дининин ишенимдерине, ритуалдарына көбүрөөк басым кылгандыгын көрсөк болот. Ошондуктан улуу жазуучу бул чыгармасында да руханий-диний баалуулуктарды да көңүл сыртында калтырган эмес.

***Ачкыч сөздөр***: Диний баалуулук, ислам, ишеним, ритуал, улуу жазуучу.

## Theological Analysis of the Religious Terms in the Chingiz Aitmatov's Novel "The Day Lasts More Than a Hundred Years"

**Annotation**

In the work '*The Day Lasts More Than a Hundred Years*' Chingiz Aitmatov addresses a group of religious terms. For example, you can meet such religious terminology as God, heaven and hell, end of the world, the Koran. In this work, the great writer puts more emphasis on the Islamic faith, ritual practice. Therefore, the book '*The Day Lasts More Than a Hundred Years*' contains spiritual and religious values, inherent in Kyrgyz nation.

***Key words:*** Religious values of the Islamic faith, ritual, a great writer.

Чыңгыз Айтматов «Кылым карытар бир күн» аттуу эмгегинде да башка эмгектериндей бул жашоодогу реалдуулукту көркөм адабият айдыңында таамай чагылдыруу менен бирге адамзат табиятынын ажырагыс бөлүгү эсептелген руханий-диний

* Дин таануу адистиги боюнча философиянын доктору (PhD), доцент.

баалуулуктарды да көңүл сыртында калтырган эмес. Бул да болсо улуу жазуучунун акыйкатты терең көрө билгендигинин жана калыс көз карашынын анык белгиси экенин айтууга болот.

Улуу жазуучу бул эмгегин «Кылым карытар бир күн» деп атоосу өзгөчө баса белгилей турган нерсе. Анткени кыска аралыкта болуп өткөн окуя аркылуу адамдын жүрөгүн сыздаткан чыныгы гумандуулуктун образы чагылдырылган. Жазуучу жалпы эле адамзат баалуулуктарын даңазалап, ар бир учурдун өсүп келе жаткан жаш муундарына гумандуулуктун бардык нерседен жогору турарын үлгү иретинде көрсөтүүнү максат кылганын байкасак болот. Чыгармадагы татаал тагдыр аркылуу жалпы адамзат баалуулугу эсептелген мээримдүүлүк, ырайымдуулук, айкөлдүк сыңары жогорку нравалык-гумандуулук сапаттар чагылдырылган. Ар бир адамдын жашоо образы, тагдыры окшош болбойт. Бирок, ошол эле учурда бул дүйнө жашоосу ар бир адамдын кыялындагыдай да болбой тургандыгы да анык.

Ошону менен бирге улуу жазуучу бул эмгеги менен чыныгы инсандык сезимдерди ойготуп, инсан табиятына терс оройлук, таш боордук,текеберлик, өзүмчүлдүк, кекчилдик, көралбастык сыяктуу сапаттардын жалпы эле инсан баалуулуктарына карама-каршы келе тургандыгын инсандарга жеткирүүнү маскат кылгандыгын көрүүгө болот.

Улуу жазуучу бул эмгегинде диний ишенимдерге, ритуалдарга жана күнүмдүк жашоодо көп эле колдонулган диний терминдерге да орун берген. Чыгармадагы каармандар жашаган аймакта жашаган элдин карманган дини ислам болгондугу үчүн, жазуучу ислам ишенимдерин жана ритуалдарын көңүл сыртында калтырган эмес. Мындан биз улуу жазуучунун ислам дини жана башка диндердин баалуулуктары боюнча да маалыматы бар экендигин билсек болот.

Улуу жазуучу бул чыгармасында Кудай буюрса, Кудайга тообо келтирүү, Кудайга шүгүр келтирүү, пайгамбар, келиме келтирүү, парыз, акыр заман, бейиш, тозок, шейит, тагдыр, Куран окуу, дуба кылуу, cооп сыяктуу бир топ диний терминдерди колдонгондугун мисал катары айтсак болот.

Бир гана Кудайдан жардам суроо, бир гана Кудайга тообо келтирүү, Кудайга шүгүр келтирүү ислам дининин негизги принциптеринен экендигин да белгилеп кетсек болот. Мисалы Кураны Каримдеги: «*Сага гана сыйынабыз, Сенден гана жардам сурайбыз*»[1] аятта бир гана Алладан жардам суроо жана бир гана Аллага ибадат кылуу керек экендиги билдирилген. Ошондуктан ислам growing динде бардык нерсенин жаратуучусу жалгыз Алладан гана жардам суроо, жалгыз Аллага гана ибадат кылуу жана жалгыз Аллага шүгүр келтирүү негизги ишеним болуп эсептелет. Мына ушул ишеним ислам дининин таухид принцибинин негизин түзөт. Мисалы чыгармада Эдигейдин Казангаптын сөөгүн «Кудай кубат берсе, эртең сөөктү урмат-сыйы менен жайына тапшыралы да, кара ашын берели....»[2] -деп айтканы, Эдигейдин жубайы «Үкүбала Аллага тообо кылып, жакасын карманчу...»[3], «-Жок, Кудаага шүгүр, дени-кардым соо, - деди Казангап...»[4] деген сөздөр жогоруда да белгилеп айтканыбыздай, ислам дининдеги жалгыз Кудай ишенимине туура келет. Мындан сырткары Кудайга байланыштуу сөздөр, ишенимдер чыгармада көп эле кезигет.

Улуу жазуучу бул чыгармасынын бир жеринде улуттук дин эсептелген индуизм дининин ишеними боюнча да мындайча сөз кылган: «Ошол Сабитжан бир жолу: Индостанда бир илим бар имиш, ошол илим боюнча адам өлгөн соң жаны тирүү макулуктун бирине, мейли кумурска болсун, иши кылып бирине ооп кетет имиш. Адам туула электен мурда эле же куш, же кумурска, же дагы бир макулук болуп келген экен. Ошол үчүн тирүү жандыкты өлтүрүш чоң күнөө, жылан болобу, анын мары (жылан) болобу Индостандын кишилери тийбейт экен, жүгүнүп гана жол бошотуп берет экен».[5] Индуизм дининдеги бул ишенимге реинкарнация (жандын айлампа көчүмү) деп аталат. Бул ишеним боюнча адамдын бул дүйнөдөгү жашоосу мурунку жашоосуна байланыштуу. Башкача айтканда адам мурунку

---

1 Фатиха сүрөсү, 5-аят.

2 *Чыңгыз Айтматов*. Чыгармаларынын жыйнагы: V том. Повесттер, аңгемелер./ Түз. Абдылдажан Акматалиев. 3-бас. –Б.: «Улуу тоолор», 2014. -54-б.

3 *Айтматов*. Чыгармаларынын жыйнагы: V том. Повесттер, аңгемелер.87-б.

4 Ошол эле чыгарма. 98-б.

5 Ошол эле чыгарма. 23-б.

жашоосунда кандай жашаган болсо, кийинки жашоосунда ошого карап же анын руху адамдын же жаныбардын рухуна кирет. Бул дүйнөдө жакшы жашоону башынан өткөргөн болсо, кийинки жашоосунда бактылуулукка жетишет. Мына ошентип олтуруп реинкарнациянын акыркы чегине жеткен адам Брахма Кудайда жашайт. Андан соң кайра жаралуу болбойт. Анткени индуизм дининин ишеними боюнча эң жогорку көздөгөн максат же болбосо бактылуулуктун акыркы чеги ушул болуп эсептелет. Ошондуктан бул ишеним индустарды жакшы амалдарды кылууга үндөйт жана индуизм адеп-ахлак принцибинин негизин түзөт.[6]

Казангаптын кайтыш болгонун түн бир оокумда аялына айтып, кайра жолдо баратып бир түлкүнү көрүп бир убакта Сабитжан айткан сөздү Эдигейдин элестеткенин - чыгарманын көркөм образы катары түшүнсөк болот. Анткени, улуу жазуучу чыгармасында диний ишенимдерге орун берүүсү - чыныгы жашоону чагылдыруудагы негизги инструменти экени даана байкалып турат. Ошону менен бирге табияттын бир мүчөсү катары түлкүнү мисал катары берип, жаратылышка болгон аяр мамилени да жалгап өткөндүгүн көралабыз. Демек улуу жазуучу диний ишенимдерге болгон жогорку деңгээлдеги туюм-сезимдерин чагылдыруу менен бирге табияттын аруулугун да баяндап өткөндүгүн айталабыз.

Улуу жазуучу ислам тарыхында кийинчерээк пайда болуп, Орто Азия аймагында көп жылдар колдонулуп келген «Дооран окуу» диний ритуалы боюнча да токтолгон. Эдигей менен Үкүбала ортосундагы Казангаптын өлүмү туурасындагы диалогдо: «-Дооран окуйм. Кепинин тигем....Илгертен өлгөндөргө дооран окуйт»[7] деген сөздөрдү кездештирүүгө болот. Ислам дининдеги дооран окуу маселеси ислам укугундагы «Ыскаты савм, ыскаты салат» бөлүмдөрү менен бирге каралган. Анткени дооран окуу X кылымдан баштап ыскаты савм, ыскаты салат маселелеринин уландысы катары пайда болгон. Ыскаты савм, ыскаты салат дагы Кураны Карим жана Мухаммед (с.а.в.) пайгамбардын хадистеринде орун алган эмес, VIII кылымдан баштап пайда болуп мусулмандар арасында колдонула

---

[6] *Бакыт Мурзараимов.* Диндер тарыхы. –Бишкек, 2016. 45-б.

[7] *Айтматов.* Чыгармаларынын жыйнагы: V том. Повесттер, аңгемелер.20-21-бб.

баштаган. Хронологиялык негизде карай турган болсок, аалымдар тарабынан алгач ыскаты савм, андан кийин муну улай ыскаты салат боюнча өкүмдөр чыгарылган.

Ыскаты савм – орозо ибадатын толук аткара албай кайтыш болгон мусулмандын кармай албай калган орозосу үчүн белгиленген өлчөмдө муктаж инсандарга фидя (кедей-кесирдин курсагы тойо турганчалык өлчөмдө акча) берүүсү. Бул боюнча Кураны Каримде: «*(Орозо) эсептелүү күндөрдө гана (кармалат). Силерден ким (орозо мезгилинде) ооруп калса, же сапарга аттанса, анда ал күндөрдүн ордуна башка күндөрдө толуктап берет. Орозо тута албай турган адамдар жакырдын тамагын төлөйт. Ким андан ашыкча жакшылык кылса – ал өзүнө жакшы. Эгер билсеңер орозо кармооңор силер үчүн жакшы*»[8] -деп баяндалат. Бирок бул аятта орозо кармоого такыр мүмкүн болбогондор фидя берүүсү билдирилген. Ал эми кийинчерээк пайда болгон ыскаты савм маселесинде кандайдыр бир себептер менен же эч кандай себепсиз деле орозо кармабай, кайтыш болгондордун жоопкерчилиги каралган.

Ал эми ыскаты салат – намаз ибадатын толук аткара албай кайтыш болгон мусулмандын окуй албай калган намазы үчүн белгиленген өлчөмдө муктаж инсандарга фидя берүүсү. Бирок ыскаты салатка түздөн-түз байланыштуу Кураны Каримде бир дагы аят же хадис жок. Аалымдар ыскаты савм боюнча чыгарылган диний өкүмдү (ижтихад) негиз алышып, ыскаты салат боюнча да диний өкүмдөрдү чыгарышкан. Бул эки маселе боюнча аалымдар ортосунда бир топ талаш-талкуулар болгон. [9]

Ыскаты савм жана ыскаты салат боюнча чыгарылган жогорудагы диний өкүмдөрдү материалдык мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү мусулмандар гана колдонушкан. Ал эми материалдык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү мусулмандар мындай диний өкүмдү колдоно алышкан эмес. Ошондуктан X кылымдан баштап ыскаты савм жана ыскаты салаттын кедейлер үчүн ылайыкташкан формасы иштелип чыккан. Мунун аты «Дооран» деп аталган. Дооран жөрөлгөсү жогоруда да айтканыбыздай кедейлер үчүн чыгарылган диний өкүм

---

[8] Бакара сүрөсү, 184-аят.
[9] *Ali Bardakoglu*. Iskat// TDVIA. –Istanbul, 1999. XIX/140-143.

болгону үчүн, бериле турган фидянын аз гана өлчөмүн жасалма жол менен көбөйтүп эсептеп, каза болгон инсандын орозо, намаз ибадаттарынын карызынан кутултууга карата жасалган. Кээ бир аалымдар дооран окутууну кедейлер үчүн бир мүмкүнчүлүк катары кабыл кылышкан болсо, кээ бир аалымдар ислам дининин негизги принциптерине туура келбей тургандыгын айтышкан. Ошондой болсо да дооран окутуу Орто Азия аймагында көп жылдар бою аткарылып келген. Ал эми соңку жылдарда дооран окутуу өтө сейрек кездешип калды. Ошондуктан азыркы учурдагы жаш муундар дооран окутууну көп деле биле беришпейт.

Улуу жазуучу чыгармасында дооран окутууну камтып кетүүсү, чындыгында таң каларлык. Анткени, тарыхта салттык негизде да калыптанып, бирок унутулуп бара жаткан диний жөрөлгөнү эске салуусу, элибиздин көптөгөн кылымдар бою аткарып келген диний баалуулуктарын кийинки муундун эч болбоду дегенде билип коюусу керек экендигине ишара кылгандай.

Чыгармада Эдигей баштаган Казангаптын уулу Сабитжан жана башка жакындары анын сөөгүн атайын Эне-Бейитке алып барышып, бирок ал жерге койо алышпай ага жакын бир жерге коюуда, көрдү ислам дининин эрежесине ылайык даярдоо жогорку деңгээлде сүрөттөлгөн.[10] Мындан сырткары Эдигейдин жаназага өзү имамдык кылуусу, Куран окуусу жана аябай маанилүү дуба кылуусу таамай чагылдырылган. Эдигейдин Казангаптын жаназасынын башында кылган дубасынан кыскача үзүндү: «Оо, жараткан Эге, эгер өзүң бар болсоң биздин аз айып, көп күнөөбүздү кечир, кулуң Казангаптын жанын кабыл ал, ашкере айыбы жок болсо кечиримдүүлүк кылып, жаннатыңан түбөлүк орун бер. Биз колубуздан келгенин жасадык. Калганы өз колуңда!»[11]

Улуу жазуучу мындан сырткары жаназанын башында ошол жерде тургандарга Эдигейдин насаат-керээзи аркылуу кийинки муунга да сабак боло тургандай аябай маанилүү терең ойду мындайча билдиргендигине күбө болобуз: «Бу каалоомду керээз кылып, мени менен кошо келген жаштарга айтып кетем. Мени ушерге

---

10 *Айтматов*. Чыгармаларынын жыйнагы: V том. Повесттер, аңгемелер.442-б.

11 Ошол эле чыгарма. 444-445-бб.

көмгүлө деп керээз таштайм. Менин сөөгүмө ким ким Куран окуйт, ошону гана билбейм. Булар Кудайга ишенбейт, Куран дегенди билбейт. Кудайдын бары-жогун бу дүйнөдө эч ким билбейт жана эч качан биле да албайт эмеспи. Бирөөлөр бар дейт, башкалар жок дейт. Мен сенин бар экениңе ишенгим келет, сен менин көңүлүмдөсүң, оюмдасың, пейилимдесиң. Куран окуп, мен сага кайрылганда сен аркылуу мен өзүмө кайрылган болом, ош[12]ондо сен кандай ойлосоң мен ошондой ойлогон болом, жараткан Эге. Кеп ушунда эмеспи! Бу жаштар болсо аны ойлошпойт да, Куран дегенди жактыра бербейт. Бирок өлүм деген улуу, ошол сагатта булар өзүнө жана башкаларга эмне айта алат? Ар кимиси өзүн Кудай сезерлик болуп, ой жүгүртүү менен бийикке көтөрүлө албаган соң булар адамдык терең маңызын кантип түшүнөт? Буларды мынтип кор санаганыма кечирип кой. Бири да Кудай боло албайт, бирок ага умтулбасаң адам да боло албай каласың. Жараткан Эгем, жалпы пенделеринин таламын талашып сен күрөшүүгө милдеттүү сыңары жалпы адамзаттын таламын талашып күрөшөм деп адам ичинен корстон ою жок болсо, анда Эге, сен да болбой каласың да.... Сенин дайынсыз жок болуп кетишиңи мен каалабас элем...

Менин болгон арыз-арманым ушул. Ашкере айтсам кечирип кой. Мен карапайым кишимин, алымын келишинче оюм бар. Азыр Куранды айтып бүтөйүн, анан сөөктү жайын берели. Омийин, аллаху акбар!...»

Улуу жазуучу Эдигейдин кылган дубасы аркылуу ошол мезгилдеги динге каршы саясатты жана жаштардын динден бир топ алыстап кеткенин билдирүү менен бирге Советтик бийликтин атеисттик саясатын жектеп, ата-бабалардан мурас катары уланып келе жаткан ислам дининин баалуулуктарын жана ыйык Курани Каримди үйрөнүүгө үндөгөндүгү айдан ачык байкалып турат. Чыңгыз Айтматовдун динге болгон көз карашын ар ким ар кандай негизде айтышса да, бул чыгармасында ислам дининин ишенимдерине, ритуалдарына дегеле жалпы баалуулуктарына өзгөчө кеңири токтолгондугу чындык. Ошону менен бирге улуу жазуучу бул эмгеги аркылуу биринчилерден болуп элдин тарыхын, үрп-адат каада-

[12] Ошол эле чыгарма. 445-446-бб.

салтын жана салттык негизде калыптанган диний ынанымдарын динге каршы саясат күчөп турган мезгилде эч нерседен жалтанбастан чыгармасында таамай чагылдыруусу – тарыхта өчпөй сакталып кала турган улуу эрдик экенин айтууга толук негиз бар.

**Колдонулган адабияттар**

1. *Чыңгыз Айтматов*. Чыгармаларынын жыйнагы: V том. Повесттер, аңгемелер./ Түз. Абдылдажан Акматалиев. 3-бас. –Б.: «Улуу тоолор», 2014.
2. Бакыт Мурзараимов. Диндер тарыхы. –Б. : «Из», 2016.
3. Ali Bardakoglu. Iskat// TDVIA. –Istanbul, 1999. XIX/137-143.